**УДК: 811.111:378.147.091.3**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/1-264-270**

**Чомокеева К.У.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Kulsunkanchomokeeva@gmail.com
**Рысова Г.Т.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРДА СТУДЕНТТЕРДИ АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУДА СТОРИТЕЛЛИНГ ЫКМАСЫН КОЛДОНУУ

**Аннотация**: Беренеде storytelling ыкмасын бакалавр студенттери кептик коммуникативдүүлүктү, туура сүйлөшүүнү окутууда колдонуу каралат. Бул жерде көрсөтүлгөндөй ыкма пикир алмашуу кырдаалын түзүүдө жардам берет. Ошондой эле студенттин өздүк тажрыйбасына кайрылууга шарт түзөт. Беренеде айтып берүүнүн эффективдүү критерийлери белгиленип, тарыхы жана сторителлинг ыкмасын колдонуу иш аракети этап боюнча бааланып турат. Айтып берүү менен чектелген монологдун сүйлөшүүдөн сырткары, өзгөчө көңүл коммуникативдик кырдаалга да бөлүнөт. Мындай кырдаал дискуссия учурунда же пикир алмашууда келип чыгат.

Коомдун билим берүү ыкмаларын тынымсыз өркүндөтүүгө болгон заманбап талабы окуучулардын ар кандай факторлорун жана керектөөлөрүн эске алууну камтыйт. Окуучулардын ар кандай деңгээлине жана курагына ылайыктуу универсалдуу ыкма: ал критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрөт, командада иштөө жана маданияттар аралык коммуникация көндүмдөрүн жакшыртат, мотивация берет, ошондой эле мугалимге татаал материалды окуучулар үчүн кызыктуу жана жеткиликтүү түшүндүрүүгө мүмкүндүк берет. Мындан тышкары аңгеме окуучулардын төрт түрүн: угуу, сүйлөө, окуу, жазууну ар тараптуу өнүктүрүүгө шарт түзөт.

**Негизги сөздөр**: storytelling ыкмасы сторителлинг, активдүү сторителлинг, англис тил сабагы, коммуникативдик компетенция.

**Чомокеева К.У.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
Kulsunkanchomokeeva@gmail.com
**Рысова Г.Т.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ПРИЕМА СТОРИТЕЛЛИНГ В ОБУЧЕНИИ АНГЛИЙСКОМУ ЯЗЫКУ СТУДЕНТОВ ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЙ

**Аннотация:** Подход, описанный в этой статье, имеет значительный потенциал в обучении говорению. Создание "ситуации общения" через storytelling позволяет студентам не только освоить языковой материал, но и применить его на практике, в контексте реальных ситуаций общения. Это делает процесс обучения более интерактивным и привлекательным, что, в свою очередь, способствует более глубокому и эффективному усвоению знаний.

Анализ критериев эффективности рассказа и этапов работы в ходе применения storytelling предоставляет преподавателям ценные инструменты для оценки и улучшения своей методики. Это помогает им адаптировать подход к конкретным потребностям и уровню своих студентов.

И, конечно, уделение внимания не только монологической речи, но и развитию коммуникативной ситуации через дискуссии и обмен мнениями, учитывает современные требования к образованию, где важно не только усвоение знаний, но и их применение в реальных ситуациях.

В целом, статья подчеркивает важность адаптации методик обучения к современным запросам и нуждам студентов, а storytelling становится мощным инструментом в этом процессе.

Стоит отметить, что storytelling является универсальным методом, который подходит для различных уровней и возрастов студентов. Он не только помогает развивать навыки работы в команде и межкультурную коммуникацию, но и мотивирует студентов, делая учебный материал более интересным и доступным. Кроме того, этот подход способствует комплексному развитию всех четырех видов деятельности: аудирования, говорения, чтения и письма.

**Ключевые слова:** приема storytelling, сторителлинг, активный сторителлинг, урок английского языка, коммуникативная компетенция.

**Chomokeeva K.U.**
senior lecturer
Kyrgyz State University I. Arabaev
Bishkek c.
Kulsunkanchomokeeva@gmail.com
**Rysova G.T.**
senior lecturer
Kyrgyz State University I. Arabaev
Bishkek c.

# THE USE OF STORYTELLING IN TEACHING ENGLISH TO UNIVERSITY STUDENTS

**Annotation:** The article discusses the use of storytelling in teaching students to speak. It is shown that this technique contributes to the creation of a "communication situation" and allows you to turn to the personal experience of students. The article highlights the criteria for the effectiveness of a story and analyzes the stages of work in the course of applying the storytelling technique. Particular attention is drawn to the fact that in addition to monologue speech based on the story

created by the student, a communicative (speech) situation arises during the discussion and exchange of opinions.

The modern demand of society for constantly improving educational methods involves taking into account various factors and needs of students. Storytelling is a universal technique suitable for any level and age of students: it develops critical thinking, improves teamwork and intercultural communication skills, motivates, and also allows the teacher to explain complex material in an interesting and accessible way for students. In addition, storytelling creates conditions for the comprehensive development of four types of activities in students: listening, speaking, reading, writing.

**Keywords:** storytelling technique, storytelling, active storytelling, English lesson, communicative competence.

Коомдун билим берүү ыкмаларын тынымсыз өркүндөтүүгө болгон заманбап талабы окуучулардын ар кандай факторлорун жана керектөөлөрүн эске алууну камтыйт. Окуучулардын ар кандай деңгээлине жана курагына ылайыктуу универсалдуу ыкма: ал критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрөт, командада иштөө жана маданияттар аралык коммуникация көндүмдөрүн жакшыртат, мотивация берет, ошондой эле мугалимге татаал материалды окуучулар үчүн кызыктуу жана жеткиликтүү түшүндүрүүгө мүмкүндүк берет. Мындан тышкары сторителлинг окуучулардын төрт түрүн: угуу, сүйлөө, окуу, жазууну ар тараптуу өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Сторителлинг – бул эмоционалдык интеллектти өнүктүрүүчү жана башкалардын сөзүн түрдүү түстөгү тондордо кабылдоо жөндөмүн калыптандыруучу окутуунун оригиналдуу формасы. Студенттер даярдалган кепти угуп, «түзүмдүн сезимин» өнүктүрүшөт. Бул аларга кийинчерээк татаал окуяларды түшүнүүгө жардам берет.
Бул ыкма үчүн мугалим аңгемелерди кылдаттык менен тандап, аларга баа берип, татаалдык деңгээлине жараша айырмалоосу керек. Аңгемелер окуучулардын билиминин, жөндөмүнүн деңгээлине ылайык келүүгө тийиш, башкача айтканда, тексттин эң аз 60% окуучуларга тааныш лексикага жана жөнөкөй грамматикалык түзүлүшкө негизделиши керек.

Сторителлингдин артыкчылыктары төмөнкүлөр:
– аңгемелер мугалимдердин окуу предметине, башкача айтканда, англис тилине карата оң көз карашын калыптандырууга түрткү берет;
– аңгемелер фантазияны өнүктүрөт (окуучулар окуяларда жеке катыша алышат, алар каармандар менен өздөрүн салыштырып баянды жана иллюстрацияларды чечмелөөгө аракет кылышат, ошондуктан бул тажрыйба чыгармачылыкты өнүктүрүүгө жардам берет);
– аңгеме угуу процесси социалдык тажрыйбанын бир бөлүгү болуп саналат, анткени аңгеме бүт класстын реакциясын да, айрым окуучулардын да реакцияларын (күлкү, кайгы, тынчсыздануу, күтүү) туудурат. Бул социалдык жана эмоционалдык өнүгүүгө өбөлгө түзөт;
– кээ бир тилдик структуралардын тез-тез кайталанышы жана айтылышы жаңы лексикалык бирдиктерди натыйжалуу үйрөнүүгө мүмкүндүк берет (көп окуяларда негизги сөздөрдүн жана структуралардын табигый кайталанышы да камтылган);
– сторителлинг мугалимге жаңы лексикалык бирдиктерди жана грамматикалык түзүлүштөрдү киргизүүгө мүмкүндүк берет, ошону менен окуучуларга тилди ар түрдүү жана эсте каларлык контексттерде көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Бул окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жардам берет.

Сторителлинг ыкмасы төмөнкүлөрдүн жардамы менен угуу жана концентрация жөндөмүн өнүктүрөт:

- визуалдык сигналдар (сүрөттөр жана иллюстрациялар);
- тил кантип «иштейт» жөнүндө алдын ала билүү;
- алардын жалпы билими.

Бул аларга окуянын жалпы маанисин түшүнүүгө жана аны жеке тажрыйбалары менен байланыштырууга мүмкүндүк берет.

Университет программасын бүтүрүүчү кийинки жалпы маданий компетенцияга ээ болуусу керек:

1. Маданият аралык жана инсан аралык карым катнаштагы маселелерди чечүүдө орус жана чет тилдеринде оозеки жана жазуу түрүндөгү компетенцияга ээ болуу жөндөмдүүлүгү.
2. Окуучулардын арасында карым катнашты уюштуруу, активдүүлүк жана демилге көтөрүүнү колдоо, окуучулардын көз карандысыздыгын жана чыгармачылыгын өстүрүү жөндөмдүүлүгү.

Мугалимдер студенттердин сабаттуулугунун түшүп кетишин, логикалык ойлонуу жөндөмдүүлүгүн, жаргондорду колдонууда кыянаттык кылып жаткандыгын жана өздүк өнүгүү каалоосунун жоктугун баса белгилейт.

Мындан сырткары англис тил мугалимдери сүйлөө кебин үйрөтүүдө, диалог жана монолог айтууда, студенттердин лексикалык байлыгынын жетишпегендигин белгилеп, кыйынчылыктарга дуушар болушат. Алардын мотивациясынын төмөндүгү, оюнун тардыгы, пикир алмашуудагы маданияттын жетишпестиги да орчундуу маселени жаратууда. Жаштар аз окушат, китептин ордуна интернетти көп карашат. Ал эми реалдуу жашоодо пикир алмашууда виртуалдык коммуникацияга басым жасашууда. Студенттердин коммуникативдик компетенциясын өстүрүүдө бирден бир технологиясы болуп сторителлинг эсептелет. Ал англис тили сабагында, жогорку окуу жайдын тил факултетинде колдонулушу керек.

Сторителлинг түшүнүгү илимдин ар тармагында кездеше берет. Мисалы, туризм журналистика, психология, менеджмент, бизнес ж.б. Билим алууда сторителлинг (англ которгондо storytelling) түшүнүгүнүн артында заманбап педагогикалык технологиясы катылган. Бул технология пикир алмашууну, же болбосо окуучу студенттердин таанып билүүсүндөгү коммуникативдик чеберчиликти активдештирүү жакка бурулган тарыхты пайда кылат. Ошондой эле окуп жаткан сабакка болгон мотивация жогорулайт. [1, 73-90-б.]

Сторителлинг ыкмасынын негизги максаттарынын бири болуп үйрөтүүчү маалыматты угарманына аңгеме, тарых уламыш же анекдот түрүндө жеткизүү болуп саналат. Бул нерсе кайгыруу, түшүнбөстүк, сүйүнүч, таң калуу сыяктуу эмоционалдык жоопко алып келет. Ал эми бул эмоционалдык жоопко турмуштук таржымалды жана өздүк мисалды сунуштоого жардам берет.

Бул ыкманын атасы болуп, эл аралык компаниянын башчысы Дэвид Армстронг эсептелет. MBSA китебине сторителлингдин концепциясын түшүргөн;

Managing by storying Around, кызматчылардын таң калтыруучу иш аракеттерин жана компаниянын жашоосундагы орчундуу окуяларды тандаган. Армстронгдун психологиялык факторуна кошулсак, эгер маалымат кызыктуу жана көңүл бураарлык болсо, ал эл арасында баага ээ болот жана жеңил эсте калат.

Кандайдыр бир көрүнүштөрдү айтып берүү (storytelling) татаал талаш тартыштарды туудурган иш аракет. Ал сөзсүз түрдө интеграцияны жана билимдин ар кандай түрлөрүнүн

өз ара аракеттенүүсүн талап кылат. Storytelling көңүл ачуу функциясынан тышкары социалдык баалулуктарды, максаттарды жана ишенимдерди чагылдып адамдардын өз ара аракеттенүүсүнө түрткү берет. Баяндаманын негизинде окуялардын ырааттуулукта кириши, кыйынчылыктарды туудуруп ошондой эле ошол кыйынчылыктарды жеңип өтүү ыкмаларын көрсөтөт. Көптөгөн окуялар кандайдыр бир көрүнүштөр жана протагонисттин күнүмдүк жашоосун өзгөртө турчу олуттуу шарттардан башталат. Ал нерсе анын максатка жетүү үчүн кырдаалга ылайык чечим чыгарууга жана иш аракетке түртөт. [2, 24-27-б.]

Эффективдүү айтып берүү критерийлери:

1. Идеянын болушу;
2. Каармандын болушу;
3. Актуалдуулугу, реалдуу жашоо менен байланышы;
4. Окуянын түзүлүшүнө байкоо жүргүзүлөт, сунуштоо, сүрөттөө, жогорку өрчүү жана чечмелениши;
5. Окуя эпизоддорунун логикалык байланышы;
6. Баяндоо стили;
7. Элестетүүнү стимулдаштырган ачык суроолор; [3, 7-12-б.]
8. Окуп жаткандардын жаш курак өзгөчөлүктөрүн эске алуусу;
9. Окуянын эмоционалдык фону.

Активдүү сторителлинг сунушу боюнча мугалим окуянын кеңешин берет. Ал эми окуп жаткандар өз алдынча мугалимдин сунушу жана тапшырмалары менен окуяны пайда кылышат. Алар жагдайларды моделдештирет жана жагдайлардын чыгуу жолун издешет. Окуяларды өз алдынча же болбосо мугалим менен биргеликте анализ жүргүзүшөт.

Таблица1. Сторителлинг жолу менен иштөө этабы.

| Даярдоо этабы | Негизги этап | Аяктоо этабы |
|---|---|---|
| Окуп жаткандар окуяны угуп түшүнөт. Мугалим окуяны айтып берет же болбосо окуучулар аудио угушат, видео көрүшөт | Окуучу студенттер окуяны угушат жана маалыматты жазуу менен байланыштырылат. Бул этапта мугалим тексттеги лексика жана грамматика боюнча иштейт | Жыйынтыктарды жана корутундуларды чыгаруу. Студенттер окуяны жана каармандарды талкууга алышат. Өзүлөрүнүн ойлорун айтышат, окуяны улантышат. |

Тажрыйбалар жана ойлор бир ырааттуу окууга биригет. Тилди алып жүрүүчүлөр кылдаттык менен иштеп, жаны реалдуулуктун моделин түзөт. Бул жерде жаңы сезимдерге жана интуитивдик ишенимдерге маани берген чыгармачылык. Бул макала сторителлинг технологиясы менен иштөө. [4, 156-165-б.]

Экинчи курстарга арналган В.Д. Аракиндин, Англис тилинин практикалык курсу китебинде «Anna meets her class» тексти сунушталган. [5, 516-б.] Бул текстте жаңы колледжти бүтүргөн, тажрыйбасыз мугалимдин бей капар кадамдары айтылат.

Биздин оюбузча Аннага (башкы каарман) туш келген педагогикалык кырдаал ар бир келечектеги болочок мугалимдерге жана студенттерге кызык. Бул учурда башкы каарман окуучуларга жакын болуусу керек. Ушул учурда гана алар мугалим менен байланышып, болуп жаткан кырдаалга көңүл бурулат.

Окуя сюжеттин бүт структурасын сактап турат. Башкы каарман, мугалим, эч укпаган тынчтанбаган тарбиясыз балдар менен күрөшөт. Бул иш аракет ийгилик менен коштолуп, тынчтык орнолот. Тилекке каршы, өзүлөрү тынчтанганга чейин эч нерсе кылбоо деген профессорлордун кеңеши тыянак бербейт. Качан гана мугалимдин «Тынч отур»-деген сөзүнөн улам, балдар кайсыл жакта отургандыгын түшүнүшөт. Болочок мугалимдердин алдында тынчтыкты орнотуу маселеси сөзсүз түрдө турат. Ошондуктан, берилген бөлүк аларда эмпатияны жаратса керек.

Сторителлинг технологиясынын негизинде кантип иш аракетти түзүү керек экендигин карап көрөлү:

1. Биринчиден, мугалим студенттерди сабактын темасына киргизүүсү керек. Мугалим жана студенттер жайгашкан сүрөттөрдү көрсөтүп, мектеп жашоосунан алынган видео ролик көрсөтүп, окутуу жөнүндө цитата келтирип, башка окуучуларды башында эмнеге арналган баян экендигин табууну суранса болот.
2. Окуп жаткандар окуяны мугалимдин жардамы менен же аудионун жардамы менен угуп түшүнүшөт, эгер текстте кандайдыр бир кыйынчылыктар болуп тааныш эмес сөздөр кездешсе мугалим лексикалык грамматикалык кыйынчылыктан арылуу максатында окуучулар менен иш алып барат. Мындан ары окуучулар окуянын маанисин түшүнгөндүктөрүн текшерүү үчүн True False деп белгилөө сунушталышы мүмкүн. Ошондой эле керектүү маалыматты чыгарып сүйлөмдү бүтүрүүгө болот. [6, 16-б.]
3. Финалдык этапта окуп жаткандар, окуяда баяндалган педагогикалык кырдаалга тиешелүү ойлору менен бөлүшүшөт, өз ара талкуулашат. Демократиялык, либералдык, авторитардык башкарууну сынга алышып, өзүлөрүнүн окуучулук күндөрүн эске түшүрүп, мугалимдин көз карашы менен талкууланат. Студенттерге төмөнкү тапшырмалар берилиши мүмкүн: окуу менен байланышкан сүрөттү тандап себебин түшүндүр, өзүңдүн тандооңду тушүндүр. Комуникативдик тапшырма катары, өзүңдүн сүйүктүү мугалимиңди мүнөздөп берүү берилиши мүмкүн. Ошондой эле ал эмне үчүн эң жакшы болуп эсептелет деген суроо берилет.

Болочоктогу мугалимдерге эмгеги сиңген улуу педагогдордун өмүр баяны менен таанышуу пайда алып келет. Үй тапшырма катары алар жөнүндө доклад жазса болот. Окуучулар бир каармандын экинчи каарманга окуя ойлоп табуу менен кат жазса болот. Ошентип, аңгемелердин тексти угууга берилип, угуу көндүмдөрүн өнүктүрөт. Ошондой эле көрүү диапозонун да калыптандырат, мисалы: сүрөт, аудиотексттин үнү, көрүү жана элестетүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Диалогдук жана монологдук кепке чыгуу түздөн түз өз ара аракеттенүү шарттарында баарлашуу жөндөмүн жана акырында болуп жаткан окуяларды чечмелөө аркылуу өзүнүн сүрөтүн түзүүнү билдирүү. Окуучунун өзү жөнүндө, айлана чөйрө жөнүндө, окуган көргөн уккандыгы жөнүндө, ырааттуу сүйлөп жаткандыгын көрсөтөт.

Төмөндөгүлөргө таяна турган болсок, сторителлинг кыска мөөнөттө маалыматты сапаттуу кабыл алууга, баалуулуктар системасын калыптандырууга өбөлгө түзөт, чыгармачылыкка түрткү берет. Ошондой эле коллектив ичинде биргеликте иштөөгө үйрөтөт.

Бүгүнкү күндө англис тил мугалимдерининин алдында чет тилин үйрөнүп жаткан студенттердин чет тилинин коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана өнүктүрүү жана аны босого деңгээлге жеткирүү милдети турат. Англис тили сабагында

ырааттуу кепти өнүктүрүү маселеси эң курч жана актуалдуу маселелердин бири болуп саналат.

Бул маселени чечүүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн бири англис тили сабагында "Сторителлинг" технологиясын колдонуу.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Ермолаева Ж. Е., Лапухова О. В., Герасимова И. Н., Смирнова В. А. Сторителлинг как педагогическая техника передачи явного и неявного знания в вузе // Образовательные технологии. М.: 2017, 73-90-б.
2. Юрьева Н.М. Когнитивный подход в исследованиях устного нарратива в онтогенезе. СУ.: 2016, 24-27-б.
3. Челнокова Е. А., Казначеева, С. Н., Калинкина, К. В., Григорян, Н. М. Сторителлинг как технология эффективных коммуникаций. М.: 2017, 7-12-б.
4. Кондина А. С., Пастухова Е. В. Проявление эмоционального интеллекта как существенный признак нарративизации вторичной языковой личности: когнитивный и лингвистический аспекты. М.: 2019, 156-165-б.
5. Аракин В. Д. Практический курс английского языка. 2 курс. Учебник. 7-е изд., доп. и испр.; М.: 2018, 516-б.
6. Кондина А. С. Анализ нарративной структуры фоновых текстов в формате сторителлинга как технологическая основа обучения иностранному языку. М.: 2019, 16-б.
7. КГУ. Арабаева 2024-1

**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Абдыкалыкова А.А.**